**КРЕДИТ КЕЛИШИМИН ТҮЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ**
**ОФЕРТА**

**Бишкек ш.** **«____» ___________ 2023-ж.**

**«Замат Финанс» микрокредиттик компаниясы» ЖЧК СИН 02810202210184,** 2022-жылдын 28-октябрындагы №211001-3301-000 Юридикалык жакты мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүктүн жана КРУБдун 2022-жылдын 7-декабрындагы №517 Микрокредиттик компания катары эсептик каттоо жөнүндө күбөлүгүнүн негизинде микрофинансылык иш жүргүзгөн, юридикалык дареги: Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Токтогул көч., 125/1, Уставдын негизинде аракеттенген Башкы директору Д.Ж.Курманбаевдин атынан, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 396, 399, 402-беренелерин жоболорун жетекчиликке алуу менен, ушул Кредит келишимин түзүү жөнүндө офертаны (мындан ары – «Оферта») Кыргыз Республикасынын жараны **[ФАА], [туулган күнү]**-жылы туулган, паспорт сериясы **[паспорттун номери, сериясы], [берген орган]** тарабынан **[берилген датасы]** берилген, ЖИН **[жеке идентификациялык номери],** мобилдик телефону **[телефон номери],** электрондук почта дареги **[email],** жашаган дареги: **[каттоо дареги]** жөнөтөт жана төмөндөгү шарттарда Кредит келишимин түзүүнү сунуштайт.

Ушул Офертанын акцепти (төмөндө берилген Кредит келишимин кошо алганда) ушул Офертаны алган адамдын өз колу менен кол коюусу / 2017-жылдын 19-июлундагы №128 “Электрондук колтамга жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык ушул Офертаны алган алган адамдын мобилдик телефон номерине SMS-билдирүү аркылуу жөнөтүлгөн тастыктоо үчүн атайын кодду киргизүү (активдештирүү) жана/же ушул Офертаны алган адамдын Оференттин Сайтындагы Жеке кабинетинде Логинди жана Паролду пайдалануу жолу менен жөнөкөй электрондук кол тамга менен кол коюусу аркылуу жүзөгө ашырылат.

Ушул Офертанын акцепти (төмөндө берилген Кредит келишимин кошо алганда) Акцептанттын ушул Оферта (төмөндө берилген Кредит келишимин кошо алганда) Акцептант өз колу менен койгон жана Оференттин ыйгарым укуктуу өкүлүнүн колу жана Оференттин мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн кагаз жүзүндөгү документке барабар электрондук документ болуп саналарына макулдугун тастыктайт.

Акцепт толук жана шартсыз болуп эсептелет, Кредит келишиминин ажырагыс бөлүгү болуп саналат, ушул Оферта сыяктуу эле Акцептанттын Кредит келишиминин бардык шарттарына толук жана шартсыз макулдугун, түзгөндүгүн жана кабыл алгандыгын билдирет.

2017-жылдын 19-июлундагы №128 «Электрондук колтамга жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесинин 4-пунктун жетекчиликке алып, ушул Офертаны, төмөндө берилген Кредит келишимин жана анын тиркемелерин камтыган өз ара байланышкан электрондук документтердин пакетине кол коюу ушул Офертаны алган алган адамдын мобилдик телефон номерине SMS-билдирүү аркылуу жөнөтүлгөн тастыктоо үчүн атайын кодду киргизүү (активдештирүү) жана/же ушул Офертаны алган адамдын Оференттин Сайтындагы Жеке кабинетинде Логинди жана Паролду пайдалануусу аркылуу бир электрондук кол тамга менен жүзөгө ашырылат.

# № ____________ КРЕДИТ КЕЛИШИМИ

**Бишкек ш.** **“_____” __________ 2024-ж.**

**«Замат Финанс» микрокредиттик компаниясы» ЖЧК,** мындан ары **«Кредитор»** деп аталган, Уставдын негизинде аракеттенген Башкы директору Д.Ж.Курманбаевдин атынан, жайгашкан дареги: Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Токтогул көч.., 125/1, бир тараптан, жана

**Кыргыз Республикасынын жараны [ФАА], [туулган күнү]**-жылы туулган, паспорт сериясы **[паспорттун номери, сериясы], [берген орган]** тарабынан **[берилген датасы]** берилген, мындан ары **«Карыз алуучу»** деп аталган, [жашаган дареги: **[каттоо дареги]**, экинчи тараптан,

мындан ары «Тараптар», ал эми өзүнчө «Тарап» же жогоруда көрсөтүлгөндөй аталгандар, төмөндөгүлөр жөнүндө ушул Кредит келишимин (мындан ары- **«Келишим»)** түзүштү:

## 1. КЕЛИШИМДИН ПРЕДМЕТИ

**1.1.** Кредитор Карыз алуучуга **[микрокредиттин суммасы цифра жана жазуу жүзүндө]** сом суммасында **[кредитти төлөө датасы]** чейин **[микрокредиттин мөөнөтү цифралар менен]** календардык күн мөөнөткө керектөө максаттарга **[микрокредиттин толук максаты]** микрокредит берет, ал эми Карыз алуучу алынган микрокредитти өз убагында кайтарып берүүгө жана аны пайдалануу үчүн пайыздарды ушул Келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналган №1 тиркемеге ылайык Микрокредитти жана ал боюнча пайыздарды төлөө графиги боюнча төлөөгө милдеттенет.

**1.2.** Ушул Келишим боюнча микрокредит акы төлөөнүүчүлүк, мөөнөттүүлүк жана кайтарымдуулук шарттарында берилет.

**1.3.** Микрокредит боюнча пайыздарды, үчүнчү жактардын комиссиясын, эгерде колдонулса, үстөк айыпты жана башка төлөмдөрдү кошо алганда, микрокредиттин толук наркынын өлчөмү ушул Келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналган №2 тиркемеде белгиленген.

**1.4.** Ушул Келишимге ылайык берилүүчү микрокредит күрөөсүз болуп саналат.

## 2. МИКРОКРЕДИТ БЕРҮҮНҮН ТАРТИБИ

**2.1.** Микрокредитти биринчи берүү Тараптар ушул Келишимге кол койгондон кийин Келишимдин 1.1-пунктунда аныкталган суммада ушул Келишимге кол коюлган күнү Кредитордун кеңсесинде нак акча каражаттарын берүү же Карыз алуучунун эсебине акча каражаттарын нак эмес которуу жолу менен жүргүзүлөт.

**2.2.** Микрокредит Карыз алуучу тарабынан өз алдынча тандалган ыкма менен берилет.

**2.3.** Микрокредитти алгачкы берүүдө Карыз алуучу ушул Келишимге кол коюу менен бир убакта Кредиторго тизмеси Кредитордун расмий сайтында жана кеңселеринде көрсөтүлгөн зарыл документтердин пакетин берүүгө милдеттүү.

**2.4.** Тараптар ушул Келишимге алгачкы кол коюу Карыз алуучунун жеке катышуусунда Кредитордун кеңсесинде өз колу менен жүзөгө ашырыларын таанышат жана макул болушат, андан аркы Кредитор менен Карыз алуучунун өз ара мамилелери (микрокредитти кайрадан берүү) электрондук кол тамга менен кол коюу аркылуу кредит келишиминин аралыктагы акцепти аркылуу жүзөгө ашырылышы мүмкүн.

## 3. МИКРОКРЕДИТ БОЮНЧА ПАЙЫЗДЫК ЧЕН ЖАНА КОМИССИЯЛЫК ТӨЛӨМДӨР

**3.1.** Микрокредитти пайдалангандыгы үчүн жылдык 31,2% өлчөмүндө номиналдык пайыздык чен чегерилет.

**3.2.** КРУБ талаптарына жана Кредитордун ички ченемдик документтерине ылайык эсептелген микрокредит боюнча жылдык натыйжалуу пайыздык чендин өлчөмү 36,66%ды түзөт.

**3.3.** Карыз алуучу үчүн микрокредитти пайдалангандыгы үчүн бир айлык пайыздык чендин өлчөмү айына (30 календардык күн) 2,6% өлчөмүндө белгиленет.

**3.4.** Пайыздарды чегерүү микрокредитти баштапкы берүү мөөнөтүнө жүргүзүлөт, төлөмдүн мөөнөтү узартылган учурда пайыздар чегерилбейт.

## 4. КЕЛИШИМДИ АТКАРУУ ТАРТИБИ

**4.1.** Карыз алуучу микрокредит боюнча кезектеги төлөмдөрдү Микрокредитти жана ал боюнча пайыздарды төлөө графигине ылайык төлөө күнү жумуш күнү ичинде ушул Келишимде көрсөтүлгөн реквизиттер боюнча Кредитордун кассасына (терминал) же банктык эсебине нак акча каражаттарынын суммасын салуу аркылуу, же төлөөнүн башка жеткиликтүү ыкмаларын пайдалануу аркылуу жүргүзүүгө милдеттенет.

**4.2.** Ушул Келишимдин шарттарына ылайык, Тараптар ушул Келишим боюнча Карыз алуучу тарабынан салынган, акчалай милдеттенмелерди толук аткаруу үчүн жетишсиз болгон сумма Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык микрокредит боюнча карыздарды төлөөгө жумшалат.

## 5. КЕЛИШИМДИ УЗАРТУУНУН ЖАНА КРЕДИТТИН СУММАСЫН ӨЗГӨРТҮҮНҮН ТАРТИБИ

**5.1.** Карыз алуучу учурдагы микрокредиттин мөөнөтү аяктаганга чейин ушул Келишимди узартуу же колдонуудагы микрокредиттин суммасын көбөйтүү өтүнүчү менен Кредиторго кайрылууга укуктуу. Микрокредитти узартуу же колдонуудагы микрокредиттин суммасын көбөйтүү Карыз алуучу тарабынан анын өз эрки менен ушул Келишимде каралган тартипте жүзөгө ашырылат.

**5.2.** Кредитор ушул Келишимде жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган калган шарттар сакталган шартта, кошумча макулдашууда көрсөтүлгөн мөөнөткө же суммага ушул Келишимди узартууга укуктуу.

Муну менен Тараптар Карыз алуучу микрокредиттин мөөнөтүн тиешелүү түрдө узартууга же микрокредиттин кошумча суммасын алууга (жеке кабинет аркылуу узартуу сыяктуу) багытталган түз жана аң-сезимдүү иш-аракеттерде чагылдырылган конклюденттик иш-аракеттери, ошондой эле ушул Келишимге карата №4 тиркеме менен таанышуу кошумча макулдашуу түрүндө ушул Келишимге тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү фактысы болуп саналарын макулдашты. Ошондой эле бул жол-жобо тиешелүү кошумча макулдашуунун шарттарын тастыктоо/акцептөө талабы менен Кредитор тарабынан Карыз алуучуга SMS-билдирүү жөнөтүү менен коштолушу мүмкүн.

**5.3.** Кошумча макулдашууда белгиленген микрокредитти пайдалануунун узартылган мөөнөтү аяктагандан кийин ушул Келишим боюнча микрокредиттин жалпы суммасы төлөнүүгө тийиш.

**5.4.** Ушул Келишимдин 5.1-пунктунда көрсөтүлгөн мөөнөт аяктагандан кийин Карыз алуучу ушул Келишимдин колдонуу мөөнөтүн узартуу тууралуу кайрылган учурда, Кредитор ушул Келишимдин мөөнөтүн узартуудан баш тартууга укуктуу.

**5.5.** Карыз алуучу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык Кредиторго айып санкцияларын төлөбөстөн, микрокредитти каалаган убакта мөөнөтүнөн мурда төлөө укугуна ээ.

## 6. ТАРАПТАРДЫН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

**6.1. Карыз алуучу милдеттенет:**

6.1.1. микрокредит боюнча төлөмдөрдү, ошондой эле мындай болсо, үстөк айыпты Микрокредитти жана ал боюнча пайыздарды төлөө графигине ылайык, өз убагында жана толук көлөмдө төлөөгө;

6.1.2. алынган микрокредитти максаттуу багыты боюнча гана пайдаланууга жана микрокредитти алгандан кийин 15 календардык күн ичинде микрокредитти максаттуу пайдалануу жөнүндө тастыктоочу документтерди жеке кабинетте жүктөө аркылуу маскаттуу пайдалануу жөнүндө отчетту Кредиторго берүүгө;

6.1.3. юридикалык жана/же иш дүзүндөгү дарегинин өзгөргөндүгү жөнүндө, ошондой эле микрокредитти өз убагында кайтарып берүүгө жана ал боюнча пайыздардын төлөөгө таасир тийгизиши мүмкүн болгон өз ишин жүргүзүүгө байланыштуу кандайдыр бир өзгөрүүлөр жана оордуктар жөнүндө Кредиторго билдирүүгө. Карыз алуучунун дарегинин өзгөргөндүгү жөнүндө билдирүү болбогон учурда, Кредитордун ар кандай кабарлоосу жана/же башка билдирүүсү ушул Келишимдин реквизиттеринде көрсөтүлгөн дарек боюнча буйрутма кат менен (почта дүмүрчөгүнүн болушу милдеттүү) жөнөтүлөт жана тиешелүү түрдө жөнөтүлдү деп эсептелет;

6.1.4. ушул Келишимди аткарууга байланыштуу пайда болгон бардык чыгашаларды өз эсебинен тартууга, ошондой эле микрокредитти берүүгө, ушул Келишимдин шарттарын жана ушул Келишимге тиешеси бар башка милдеттенмелерди сот тартибинде мажбурлап аткарууга байланыштуу, Кредитор тарткан чыгымдарды жана чыгашаларды толугу менен төлөөгө (ордун толтурууга);

6.1.5. ушул Келишим боюнча милдеттенмелерди өз убагында талаптагыдай аткарууга тоскоолдук кылган ар кандай жагдайлар жаралган учурда Кредиторго токтоосуз жазуу жүзүндө билдирүүгө;

6.1.6. кредиттик тобокелдиктерди төмөндөтүү, кайталап карыз алууга жол бербөө жана микрокредитти кароо жана берүү жол-жоболорун жөнөкөйлөштүрүү максатында, финансы-кредиттик уюмдар менен башка юридикалык жактардын ортосунда кредиттик тарыхтарды түзүүнү жана аларды алмашууну жүзөгө ашырган Кредиттик бюрого/бюродон Карыз алуучу жөнүндө ар кандай маалыматтарды Кредитордун ыйгарым укуктуу кызматкерлеринин берүүсүнө жана/же алуусуна өз макулдугун берүүгө. Мындай маалыматтарга төмөнкүлөр кириши мүмкүн: Кредитордун кардары катары Карыз алуучу жөнүндө маалыматтар (фамилиясы, аты, атасынын аты, жынысы, туулган күнү, жашаган/бизнес/иш жүргүзгөн дареги, ошондой эле мурдагы даректери, иштин түрү ж.б.), Карыз алуучу Кредитордон алган кредиттер боюнча маалыматтар (кредиттин түрү, кредиттин суммасы, субъекттин ролу, арыз берилген дата, төлөмдөрдүн тарыхы жөнүндө толук маалыматтар, төлөнбөгөн калдык, дефолттун суммасы жана ошол эсеп боюнча карыздын жалпы суммасы, кепилдер/гаранттар, күрөө берүүчүлөр жана башка маалымат берүүчүлөрдүн алдында милдеттенмелери түзүлгөн башка жактар жөнүндө маалымат жана башка маалымат), кредиттер боюнча өз милдеттенмелерин аткарбагандыгына же талаптагыдай эмес аткаргандыгына байланыштуу Карыз алуучуга карата көрүлгөн чаралар жөнүндө маалыматтар жана микрокредитти берүү жана төлөө процессинде документтерди кароо жана тариздөө мезгилинде Кредиторго белгилүү болгон башка маалыматтар.

**6.2. Карыз алуучу тастыктайт (кепилдейт):**

6.2.1. Карыз алуучу тарабынан тийиштүү түрдө аткарылып жаткан колдонуудагы жарандык-укуктук келишимдерди жана макулдашууларды кошпогондо, ал тарабынан кандайдыр бир макулдашуу жана/же келишим боюнча милдеттенмелерди аткарбоо же бузуу, анын ишкердик жана финансылык абалына жана ушул Келишим боюнча милдеттенмелерди аткаруусуна олуттуу жагымсыз таасир тийгизиши мүмкүн болгон ага каршы соттук териштирүүлөр жоктугун;

6.2.2. ушул Келишимди түзүүдө жана Кредитордун кредиттөө шарттары менен таанышууда адашуунун, зомбулуктун, коркутуунун, арам ойлуу макулдашуунун же оор жагдайлардын таасири астында болбогондугун;

6.2.3. ушул Келишимдин текстинин мазмуну менен толук көлөмдө таанышып чыккандыгын жана түшүнгөндүгүн;

6.2.4. микрокредитти кайтарып берүүнү жана пайыздарды, ошондой эле айып санкцияларын жана милдеттенмени аткарбай коюунун кесепетиндеги микрокредит боюнча карызын өндүрүп алууга байланыштуу башка чыгашаларды Кредиторго тиешелүү сумманын чегинде ага менчик укугунда таандык болгон бардык мүлк менен төлөөнү;

6.2.5. финансылык абалы жана мүлктүк абалы тууралуу жалган маалыматтарды берүү жолу менен микрокредитти мыйзамсыз алгандыгы үчүн кылмыш жоопкерчилиги тууралуу эскертилди.

**6.3. Карыз алуучу укуктуу:**

6.3.1. ушул Келишим түзүлгөндөн кийин акча каражаттарын алганга чейин микрокредит алуудан акысыз негизде баш тартууга;

6.3.2. ушул Келишимдин шарттарына ылайык микрокредиттен пайдаланууга;

6.3.3. Кредиторго арыздар, сунуштар, даттануулар менен info@doke.kg электрондук дарегине кайрылууга;

6.3.4. Кредитордон микрокредит боюнча иш жүзүндөгү карыздын өлчөмү жөнүндө маалыматты алууга;

6.3.5. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык, каалаган убакта микрокредит боюнча карызды эч кандай комиссиясыз, айып санкцияларысыз жана башка төлөмдөрсүз толук же жарым-жартылай көлөмдө мөөнөтүнөн мурда төлөөгө.

6.3.6. Кредиторго микрокредитти узартуу же реструктуризациялоо өтүнүчү менен кайрылууга.

**6.4. Кредитор милдеттенет:**

6.4.1. Карыз алуучуну кредиттөө шарттары менен тааныштырууга жана микрокредит толук жана тиешелүү түрдө таризделген шартта ушул Келишимде каралган суммада жана шарттарда Карыз алуучуга микрокредит берүүгө;

6.4.2. Карыз алуучунун арызы боюнча карыздын абалы жөнүндө маалыма катты жана/же карыздын жоктугу жөнүндө маалымат катты берүүгө.

**6.5. Кредитор укуктуу:**

6.5.1. ушул Келишимдин колдонуу мөөнөтүндө Карыз алуучудан ушул Келишимди аткаруу үчүн бардык зарыл болгон маалыматтарды суроого жана алууга;

6.5.2. бир тараптуу тартипте микрокредит берүүдөн баш тартууга же микрокредит берүүнү токтотууга, же болбосо микрокредитти мөөнөтүнөн мурда кайтарууну талап кылууга, анын ичинде негизги сумманы кайтарууну, тиешелүү пайыздарды, айып санкцияларынын (үстөк айыптар) суммасын төлөөнү талап кылууга, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте Карыз алуучунун мүлкүн сатуунун эсебинен микрокредит боюнча карызды өндүрүп алууга.

6.5.3. Карыз алуучу жөнүндө маалыматты Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте жана учурларда Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органына жана/же башка үчүнчү жактарга ачыкка чыгарууга. Мында Кредитор же Кредитордун атынан Карыз алуучу жөнүндө маалымат берген жак, маалыматтын ачыкка чыгарылгандыгына байланыштуу Карыз алуучу тарткан чыгашалар, алынбаган пайда же моралдык зыян үчүн Карыз алуучунун алдында жарандык-укуктук жана башка жоопкерчиликтен бошотулат

6.5.4. Карыз алуучу ушул Келишимдин 6.1.2-пунктун бузган учурда микрокредитти мөөнөтүнөн мурда төлөөнү талап кылуу.

## 7. ТАРАПТАРДЫН ЖООПКЕРЧИЛИГИ

**7.1.** Тараптар ушул Келишим боюнча милдеттенмелерди аткарбагандыгы же талаптагыдай эмес аткаргандыгы үчүн ушул Келишимдин талаптарына ылайык жоопкерчилик тартышат.

**7.2.** Карыз алуучу тарабынан кредитти жана ал боюнча пайыздарды төлөө графигине ылайык кезектеги төлөмдөрдүн өз убагында төлөнбөгөндүгү үчүн кредитор төлөө мөөнөтү келгенден кийинки күндөн тартып жылына 31,2% өлчөмүндө туум чегерүүгө укуктуу, мында туумдун өлчөмү микрокредитти колдонуунун бүткүл мезгили үчүн чегерилген колдонулуучу айыптар менен кошо алганда, микрокредиттин суммасынын 20%нан ашпоого тийиш.

**7.3.** Тараптар ушул Келишим боюнча өз милдеттенмелерин Тараптардын аткаруусуна түздөн-түз таасирин тийгизген жана Тараптар ушул Келишимге кол койгондон кийин келип чыккан жер титирөө, суу ташкыны, башка табигый кырсыктар, өрт, эпидемия, пандемия, согуш, саботаж, иш таштоо, жарандык толкундоолор, жарылуулар жана аскердик аракеттер сыяктуу жеңилгис күч жагдайларынан улам келип чыкса, Тараптар ушул Келишим боюнча өз милдеттенмелерин жарым-жартылай же толук аткарбагандыгы же талаптагыдай эмес аткаргандыгы үчүн жоопкерчиликтен бошотулат.

## 8. ТАЛАШ-ТАРТЫШТАРДЫ ЧЕЧҮҮ ТАРТИБИ

**8.1.** Ушул Келишимди колдонуунун же чечмелөөнүн жүрүшүндө Тараптардын ортосунда келип чыккан бардык талаш-тартыштар жана пикир келишпестиктер сүйлөшүүлөр жолу менен жөнгө салынат.

**8.2.** Талаш-тартышты ушул Келишимдин 8.1-пунктундаа каралган тартипте жөнгө салуу мүмкүн болбогон учурда ал сот тартибинде чечилет.

## 9. КЕЛИШИМДИН КОЛДОНУУ МӨӨНӨТҮ

**9.1.** Ушул Келишим Тараптар ага кол койгон учурдан тартып мыйзамдуу күчүнө кирет жана Тараптар өз милдеттенмелерин толук көлөмдө талаптагыдай аткарган учурга чейин колдонулат.

## 10. КОРУТУНДУ ЖОБОЛОР

**10.1.** Карыз алуучу ушул Келишимди түзүү жана аткаруу үчүн зарыл болгон аракетке жөндөмдүүлүккө жана укук жөндөмдүүлүккө толук көлөмдө ээ.

**10.2.** Ушул Келишимге карата бардык өзгөртүүлөр жана/же толуктоолор, алар ушул Келишимге карата кошумча макулдашуулар түрүндө жазуу жүзүндө жасалган жана эки Тарап тең кол койгон учурда гана жарактуу болот.

**10.3.** Ушул Келишимдин бардык шарттары, ошондой эле ушул Келишимди аткарууга байланыштуу Тараптар алган бардык маалыматтар жана дайындар катуу купуя болуп саналат жана Кыргыз Республикасынын мыйзамы боюнча мындай маалыматты компетенттүү органдарга жеткирүү милдеттүү болуп саналган учурлардан тышкары, каршы Тараптын алдын ала жазуу жүзүндөгү макулдугусуз, ошондой эле ушул Келишимдин колдонуу мөөнөтүнүн ичинде жана ушул Келишим күчүн токтоткон күндөн тартып 5 (беш) жыл ичинде үчүнчү жактарга ачыкка чыгарылбайт жана берилбейт.

**10.4.** Тараптардын ушул Келишим менен жөнгө салынбаган өз ара мамилелери Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдары менен жөнгө салынат.

**10.5.** Ушул Келишимдин айрым пункттарын жараксыз деп таануу жалпысынан Келишимдин жараксыздыгына алып келбейт.

**10.6.** Ушул Келишимге карата бардык тиркемелер анын ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Тараптар КР Жарандык кодексинин 395-беренесинин 2-пунктуна ылайык, Келишим жазуу жүзүндө факсимилдик, электрондук же башка байланыш аркылуу документтерди алмашуу жолу менен же документ Келишим тараптан келип чыккандыгын так аныктоого мүмкүндүк

берген башка ыкма менен түзүлүшү мүмкүн экендигин таанышат. Тараптар ушул Келишимге Карыз алуучунун мобилдик телефонуна SMS-билдирүү аркылуу Карыз алуучуга жөнөтүлгөн тастыктоо үчүн атайын кодду киргизүү (активдештирүү) жана/же Карыз алуучу тарабынан Кредитордун сайтындагы Жеке кабинетте Логинди жана Паролду колдонуу жолу менен кол коюла тургандыгына макул болушат, бул «Электрондук колтамга жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык Карыз алуучунун жөнөкөй электрондук колтамгасы болуп саналат жана Карыз алуучунун өз колу коюлган колтамгасына, ал эми Кредитор тарабынан КР Жарандык кодексинин 176-беренесине ылайык, колтамгасын факсимилдик чыгарууну пайдалануу менен кол коюусуна теңдештирилет. Тараптар ушул Келишим (анын ичинде анын бардык тиркемелери) Карыз алуучунун жана Кредитордун ыйгарым укуктуу өкүлүнүн өз колу менен коюлган жана Кредитордун мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн кагаз жүзүндөгү документке барабар факсимилдик кайра чыгарууну пайдалануу менен Карыз алуучунун жөнөкөй электрондук колтамгасы жана Кредитордун колтамгасы менен кол коюлган электрондук документ болуп санала тургандыгына макул болушат жана таанышат. Тараптар бул келишимге Тараптардын же Тараптардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн катышуусунда өз колу менен кол коюлгандай юридикалык күчкө ээ экенине макул жана таанышат. Ушул Келишим Тараптардын ар бири үчүн бир нускадан, бирдей юридикалык күчкө ээ болгон 2 (эки) бирдей нускада кыргыз, орус тилдеринде түзүлдү.

## 11. ТАРАПТАРДЫН РЕКВИЗИТТЕРИ ЖАНА КОЛ ТАМГАЛАРЫ

| | |
|---|---|
| **«Замат Финанс» МКК» ЖЧК**<br>**Дареги:** Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Токтогул көч. 125/1<br>**СИН:** 02810202210184<br>**ИУЖК:** 31682329<br>**Банк:** «Дос-Кредобанк» ААК<br>**БИК:** 121008<br>**Э./эсеби** № 1212000200369082<br><br>______________________ Курманбаев Д.Ж. | **[Карыз алуучунун ФАА]**<br>**Паспорту:** [**сериясы, номери, берген орган жана берилген дата]**<br>**Катталган дареги: [катталган дареги]**<br>**Иш-жүзүндөгү дареги**:**[жашаган дареги]**<br><br>**Карыз алуучунун жөнөкөй электрондук кол тамгасы менен кол коюлган (Карыз алуучунун мобилдик телефонуна SMS-билдирүү аркылуу жөнөтүлгөн атайын кодду [код] киргизүү (активдештирүү) жана/же Жеке кабинетте Логинди жана Паролду колдонуу аркылуу)** |

**2023-жылдын «____» ___________**
**№__________Кредит келишиминин**
**№1 тиркемеси**

**Микрокредитти жана ал боюнча пайыздарды төлөө графиги**

Кредитор: **«Замат Финанс» микрокредиттик компаниясы» ЖЧК**
Карыз алуучу: **[Карыз алуучунун ФАА]**
Микрокредиттин суммасы: **[микрокредиттин суммасы цифралар менен]** сом
Номиналдык жылдык пайыздык чен: **жылдык 31,2 %**
Бир айлык пайыздык чен: **айына 2,6% ( 30 календардык күн)**
Жылдык натыйжалуу пайыздык чен – **36,66%**
Микрокредиттин мөөнөтү: **[микрокредиттин мөөнөтү цифралар менен жана жазуу жүзүндө] календардык күн**
Микрокредит берилген күн: «____» ___________ **2023-ж.**

| № | Төлөө датасы | Төгүмдүн суммасы | анын ичинде негизги карызды төлөө суммасы | анын ичинде пайыдарды төлөө |
|---|---|---|---|---|
| | **[микрокредитти төлөө датасы]** | **[негизги карыздын жана пайыздардын суммасы]** | **[негизги карыздын суммасы]** | **[% суммасы]** |

Ушул Микрокредитти жана ал боюнча пайыздарды төлөө графиги 2023-ж. «____» ___________№ _________________ Кредит келишиминин ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

**Карыз алуучу микрокредитти жана ал боюнча пайыздарды төлөө шарттары менен таанышты жана макул.**

| | |
|---|---|
| **«Замат Финанс» МКК» ЖЧК**<br>Дареги: Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Токтогул көч. 125/1<br>СИН: 02810202210184<br>ИУЖК: 31682329<br>Банк: «Дос-Кредобанк» ААК<br>БИК: 121008<br>Э./эсеби № 1212000200369082<br>______________________ Курманбаев Д.Ж. | **[Карыз алуучунун ФАА]**<br>**Паспорту:** [**сериясы, номери, берген орган жана берилген дата]**<br>**Катталган дареги: [катталган дареги]**<br>**Иш-жүзүндөгү дареги**:**[жашаган дареги]**<br>**Карыз алуучунун жөнөкөй электрондук кол тамгасы менен кол коюлган (Карыз алуучунун мобилдик телефонуна SMS-билдирүү аркылуу жөнөтүлгөн атайын кодду [код] киргизүү (активдештирүү) жана/же Жеке кабинетте Логинди жана Паролду колдонуу аркылуу)** |

**2023-жылдын «____» ___________**
**№__________Кредит келишиминин**
**№2 тиркемеси**

**Кардардын чыгымдарынын (төлөмдөрүнүн) жана айып санкцияларынын**

**ТИЗМЕГИ**

| | | |
|---|---|---|
| **Компаниянын Кардарынын микрокредит боюнча чыгашалары (төлөмдөрү):** | | |
| 1. | Микрокредиттин суммасы: | **[микрокредиттин суммасы] сом** |
| 2. | Микрокредит боюнча бир айлык пайыздык чен (30 күн): | 2,6 % |
| 3. | Жылдык номиналдык пайыздык чен: | 31,2 % |
| 4. | Жылдык натыйжалуу пайыздык чен: | 36,66 % |
| 5. | Микрокредитти мөөнөтүнөн мурда төлөө үчүн комиссия | алынбайт |
| **Компаниянын айып санкциялары жана туумдары** | | |
| 6. | Карыздын негизги суммасы жана пайыздар боюнча төлөмдөрдү кечиктиргендиги үчүн | жылдык 31.2% |

Кредит келишиминин ушул Тиркемесинин тизмегинин бардык шарттары менен жеке тааныштым, шарттары түшүнүктүү, алар менен макулмун жана аларды аткарууга милдеттенем:

| | |
|---|---|
| **«Замат Финанс» МКК» ЖЧК**<br>Дареги: Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Токтогул көч. 125/1<br>СИН: 02810202210184<br>ИУЖК: 31682329<br>Банк: «Дос-Кредобанк» ААК<br>БИК: 121008<br>Э./эсеби № 1212000200369082<br>________________________ Курманбаев Д.Ж. | **[Карыз алуучунун ФАА]**<br>**Паспорту:** [**сериясы, номери, берген орган жана берилген дата**]<br>**Катталган дареги: [катталган дареги]**<br>**Иш-жүзүндөгү дареги**:**[жашаган дареги]**<br><br>**Карыз алуучунун жөнөкөй электрондук кол тамгасы менен кол коюлган (Карыз алуучунун мобилдик телефонуна SMS-билдирүү аркылуу жөнөтүлгөн атайын кодду [код] киргизүү (активдештирүү) жана/же Жеке кабинетте Логинди жана Паролду колдонуу аркылуу)** |

**2023-жылдын «____» ___________**
**№__________Кредит келишиминин**
**№3 тиркемеси**

**ТИЛ КАТ**

Мен, **[Карыз алуучунун ФАА],** паспорту **[паспорттун сериясы жана номери], [берген орган]** тарабынан **[берилген дата]** берилген, муну менен төмөнкүлөрдү тастыктайм:
1. Мен Кредит келишиминин мазмуну менен толук тааныштым. Мен бул Келишимдин бардык шарттарын, анын ичинде микрокредиттин суммасын, төлөө мөөнөтүн, убактысын жана өлчөмүн, микрокредитти төлөө кечиктирилгендиги үчүн айып санкцияларын, ошондой эле өзүмдүн укуктарымды жана ««Замат Финанс» МКК» ЖЧКнын алдындагы милдеттенмелеримди билем жана түшүнөм.
2. Өзүмдүн микрокредитимди башка үчүнчү жактарга берүүгө катуу тыюу салынарын билем. Мен алган микрокредитти Кредит келишиминде көрсөтүлгөн керектөө максаттарында гана пайдаланууга милдеттенем.
3. Мага **«____» ___________ 2023 ж. [микрокредитти алуу ыкмасы: нак же нак эмес эсептешүү аркылуу]** микрокредит ала тургандыгым тууралуу кабарланды.
4. Кредит келишиминин түп нускасын бардык тиркемелери менен кошо алдым.

| | |
|---|---|
| **«Замат Финанс» МКК» ЖЧК**<br>Дареги: Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Токтогул көч. 125/1<br>СИН: 02810202210184<br>ИУЖК: 31682329<br>Банк: «Дос-Кредобанк» ААК<br>БИК: 121008<br>Э./эсеби № 1212000200369082<br><br>______________________ Курманбаев Д.Ж. | **[Карыз алуучунун ФАА]**<br>**Паспорту:** [**сериясы, номери, берген орган жана берилген дата]**<br>**Катталган дареги: [катталган дареги]**<br>**Иш-жүзүндөгү дареги**:**[жашаган дареги]**<br><br>**Карыз алуучунун жөнөкөй электрондук кол тамгасы менен кол коюлган (Карыз алуучунун мобилдик телефонуна SMS-билдирүү аркылуу жөнөтүлгөн атайын кодду [код] киргизүү (активдештирүү) жана/же Жеке кабинетте Логинди жана Паролду колдонуу аркылуу)** |

**2023-жылдын «____» ___________**
**№__________Кредит келишиминин**
**№4 тиркемеси**

2023-ж. «____» ___________ №____________Кредит келишимине карата

**КОШУМЧА МАКУЛДАШУУ**

**Бишкек ш.** **«____» ___________ 2023-ж.**

**«Замат Финанс» микрокредиттик компаниясы» ЖЧК,** мындан ары **«Кредитор»** деп аталган, Уставдын негизинде аракеттенген Башкы директору Д.Ж.Курманбаевдин атынан, жайгашкан дареги: Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Токтогул көч.., 125/1, бир тараптан, жана

**Кыргыз Республикасынын жараны [ФАА], [туулган күнү]**-жылы туулган, паспорт сериясы **[паспорттун номери, сериясы], [берген орган]** тарабынан **[берилген датасы]** берилген, мындан ары **«Карыз алуучу»** деп аталган, жашаган дареги: **[каттоо дареги]**, экинчи тараптан,

мындан ары «Тараптар», ал эми өзүнчө «Тарап» же жогоруда көрсөтүлгөндөй аталгандар, төмөндөгүлөр жөнүндө ушул 2023-ж. «____» ___________№_____ Кредит келишимине карата Кошумча макулдашууну (мындан ары - «Макулдашуу») түзүштү:

1. 2023-ж. «____» ___________ №______ Кредит келишиминин (мындан ары-Келишим) 1.1-пунктуна төмөндөгүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:
- Келишимдин 1.1-пункту төмөндөгү редакцияда берилсин: «1.1. Кредитор Карыз алуучуга **[микрокредиттин суммасы цифра жана жазуу жүзүндө]** сом суммасында **[кредитти төлөө датасы]** чейин **[микрокредиттин мөөнөтү цифралар менен]** календардык күн мөөнөткө керектөө максаттарга **[микрокредиттин толук максаты]** микрокредит берет, ал эми Карыз алуучу алынган микрокредитти өз убагында кайтарып берүүгө жана аны пайдалануу үчүн пайыздарды ушул Келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналган №1 тиркемеге ылайык Микрокредитти жана ал боюнча пайыздарды төлөө графиги боюнча төлөөгө милдеттенет».

2. Ушул Кошумча макулдашууга тиркелген микрокредитти төлөө графиги анын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

3. Кошумча макулдашуу Таратар кол койгон же Карыз алуучу Келишимди өзгөртүүгө багытталган конклюденттик иш-аракеттерди жасаган күндөн тартып күчүнө кирет.

4. Ушул Макулдашууга ылайык өзгөрүүлөргө дуушар болбогон Келишимдин бардык башка шарттары ошол эле редакцияда калат жана өзүнүн юридикалык күчүн сактайт.

5. Ушул Кошумча макулдашуу Тараптардын ар бири үчүн бир нускадан, бирдей юридикалык күчкө ээ болгон 2 (эки) окшош нускада кыргыз (орус) тилинде түзүлдү.

## 6. ТАРАПТАРДЫН РЕКВИЗИТТЕРИ ЖАНА КОЛ ТАМГАЛАРЫ

| | |
|---|---|
| **«Замат Финанс» МКК» ЖЧК**<br>**Дареги:** Кыргыз Республикасы, Бишкек ш.,<br>**СИН:** 02810202210184 | **[Карыз алуучунун ФАА]**<br>**Паспорту:** [**сериясы, номери, берген орган жана берилген дата]**<br>**Катталган дареги: [катталган дареги]** |

| | |
|---|---|
| **ИУЖК:** 31682329<br>**Банк:** «Дос-Кредобанк» ААК<br>**БИК:** 121008<br>**Э./эсеби** № 1212000200369082<br><br>________________________ Курманбаев Д.Ж. | **Иш-жүзүндөгү дареги**:**[жашаган дареги]**<br><br>**Карыз алуучунун жөнөкөй электрондук кол тамгасы менен кол коюлган (Карыз алуучунун мобилдик телефонуна SMS-билдирүү аркылуу жөнөтүлгөн атайын кодду [код] киргизүү (активдештирүү) жана/же Жеке кабинетте Логинди жана Паролду колдонуу аркылуу)** |

**Кредит келишимине карата Кошумча Макулдашуунун №1 тиркемеси**

**Микрокредитти жана ал боюнча пайыздарды төлөө графиги**

Кредитор: **«Замат Финанс» микрокредиттик компаниясы» ЖЧК**
Карыз алуучу: **[Карыз алуучунун ФАА]**
Микрокредиттин суммасы: **[микрокредиттин суммасы цифралар менен]** сом
Номиналдык жылдык пайыздык чен: **жылдык 31,2 %**
Бир айлык пайыздык чен: **айына 2,6% ( 30 календардык күн)**
Микрокредиттин мөөнөтү: ____________________ (_________________) **календардык күн**
Микрокредит берилген күн: «____» ____________ **2023-ж.**

| № | Төлөө датасы | Төгүмдүн суммасы | анын ичинде негизги карызды төлөө суммасы | анын ичинде пайыдарды төлөө |
|---|---|---|---|---|
| | **[микрокредитти төлөө датасы]** | **[негизги карыздын жана пайыздардын суммасы]** | **[негизги карыздын суммасы]** | **[% суммасы]** |

Ушул Микрокредитти жана ал боюнча пайыздарды төлөө графиги 2023-ж. «____» ____________№ _________________ Кредит келишимине карата 2023-ж. «____» ____________№ ___Кошумча макулдашуунун ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

**Карыз алуучу микрокредитти жана ал боюнча пайыздарды төлөө шарттары менен таанышты жана макул.**

| | |
|---|---|
| **«Замат Финанс» МКК» ЖЧК**<br>Дареги: Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Токтогул көч. 125/1<br>СИН: 02810202210184<br>ИУЖК: 31682329<br>Банк: «Дос-Кредобанк» ААК<br>БИК: 121008<br>Э./эсеби № 1212000200369082<br><br>______________________ Курманбаев Д.Ж. | **[Карыз алуучунун ФАА]**<br>**Паспорту:** [**сериясы, номери, берген орган жана берилген дата]**<br>**Катталган дареги: [катталган дареги]**<br>**Иш-жүзүндөгү дареги**:**[жашаган дареги]**<br><br>**Карыз алуучунун жөнөкөй электрондук кол тамгасы менен кол коюлган (Карыз алуучунун мобилдик телефонуна SMS-билдирүү аркылуу жөнөтүлгөн атайын кодду [код] киргизүү (активдештирүү) жана/же Жеке кабинетте Логинди жана Паролду колдонуу аркылуу)** |